**УДК:378**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/1-17-22**

**Акматов Н.А.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
akmatov-71@mail.ru
**Жумабек уулу К.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## ЖАШТАРГА – АСКЕР МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛЫК ИШТЕРДИ ЖҮРГҮЗҮҮНҮ ЗАМАНБАП МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация:** Макалада жаштарга аскер патриоттуулукка тарбиялоодогу заманбап маселелерин жана иштердин абалы корсотулду.

**Негизги сөздөр:** аскердик, тарбия, мекенчил, аскерге чейинки даярдык, педагогика, маданият, мугалим, окуучу.

**Акматов Н.А.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
akmatov-71@mail.ru
**Жумабек уулу К.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## СОВРЕМЕННЫЕ ВОПРОСЫ ПРОВЕДЕНИЯ ВОЕННО-ПАТРИОТИЧЕСКОЙ ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ С МОЛОДЕЖЬЮ

**Аннотация:** В статье приводится состояние профилактической работы против экстремизма в учебных заведениях

**Ключевые слова:** военный, воспитание, патриотизм, допризывная подготовка, интернет, педагогика, культура, учитель, учащийся.

**Akmatov N.A.**
teacher for pre-conscript training
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**akmatov-71@mail.ru**
**Jumabek uulu K.**
teacher for pre-conscript training
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

# MODERN ISSUES OF CONDUCTING EDUCATIONAL ACTIVITIES FOR YOUTH - MILITARY PATRIOTISM

**Abstract:** In the article, the modern issues and state of affairs in education of military patriotism to young people were shown.

**Key words:** military, education, patriotic, pre-military training, pedagogy, culture, teacher, student.

**Кириш сөз:** Аскердик тарбия - Ата мекен коопсуздугун коргоо милдетин аткаруу үчүн зарыл болгон бийик идеялык-ыймандык, адептик-кужүрмөн жана моралдык-психологиялык сапаттарды калыптандырууга багытталган таалим-тарбия иштеринин бир бөлүгү.[1] Ал Ата мекенди коргоонун тарыхый тажрыйбасын талдай билүү, өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоо милдетин түшүнүү, аскер ишиндеги өнүгүү багыттарын эске алуу сыяктуу атайын принциптерге негизделет. Бийик идеялык-ыймандык, моралдык-психологиялык сапаттарга ээ жана дене-бою чың, аскердик-техникалык билими бар, өз элинин жана анын куралдуу күчтөрүнүн кужүрмөн салттарына чексиз берилген атуулдарды тарбиялоо аскердик-патриоттук тарбиянын негизги милдетине кирет.[2,7,8]

**Актуалдуулугу**: КР Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө»жарылыгына ылайык, аскер-мекенчилдик(патриоттулук) тарбиядагы маселелерди азыркы заманбап талаптарга жооп берип туруусу зарылдыгын ар бир аскерге чейинки даярдоо(АЧД) жетекчилери билүүгө зарыл.

**Изилдөөнүн максаты**: Мектеп окуучуларга – аскердик тарбиялык иштерди жүргүзүүнү заманбап жалпы милдеттерин жана маселелерин аныктоо жана анализ жасоо

Аскердик-патриоттук тарбия – бул жаштарда жогорку патриоттук аң-сезимди, өз Ата Мекенине берилгендик сезимин, атуулдук парзын аткарууга даярдыгын, аскердик-патриоттук сезимин тарбиялоо боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук бирикмелердин жана уюмдардын көп кырдуу, системалуу, максаттуу жана координацияланган иши. Конституциянын эң маанилүү принциптери – Ата Мекендин кызыкчылыктарын коргоо боюнча милдеттер.[1,4]

Жаштарды патриоттук тарбиялоонун эң маанилүү милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- жаштардын аң-сезиминде патриоттук адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу,
- Ата -Мекенге берилгендикти жана аны коргоого даярдыкты тарбиялоо,
- Муундардын жана мекенчилдиктин уланuусун камсыз кылуу,
- Ата Мекендин тарыхый өткөнүн, Куралдуу Күчтөрдүн баатырдык мурасын жана аскердик салттарын, мамлекеттин коргонуу жөндөмдүүлүгүн жана аны коргоону чыңдоо боюнча элдин эмгектик жана аскердик эрдиктерин пропагандалоо;
- Жаштарды Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө кызмат өтөөгө даярдоо;
- жаштарды массалык спорттук иш-чараларга жана спорттун аскердик-прикладдык турлеруне активдуу катышууга тартуу.[3,4]


**Жаштарды изилдөө.**

Аскердик тарбия, мекенчилдик, патриотизм – элдик моралдык улуу касиеттеринин бири (“Ала-Тоо асыл жер үчүн, калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин” – Манас.


“Денем афган жеринде калса калсын, жүрөгүмдү Алайга алып барып көмгүлө” – Курманжан датканын уулу Абдылдабектин керээзинен). Дагы көптөгөн мисалдарды алсак болот.[4,5] Аскердик тарбияны тереңиреек аныктоо жана анализ жасоо үчүн биз мектеп окуучуларынан жана студенттерден кыскача анкета толтурдук.

Анкета толтурууга: жалпы – 64 (№99 профессионалдык лицейдин 1курсунун студентери 35 Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиянын 2-курстун 1 -2 – взводунун -29 студенти) катышты.


1.Суроо: Аскердик тарбия, аскердик иш деген эмне? Жооптор: туура жооп бергендер - 8 (12.5 %), туура эмес жооп бергендер - 24 (37.5 %), билбегендер - 32. (50%),





Суроо: Ким аскер кызмачысы болгусу келет? болгум келет - 24 (37.5 %), болгум келбейт - 18 (28.1 %), ойлонуп коро элекмин - 22 (34.3 %)




3.Суроо: Аскер кызматын эмне кызыктырат?,форма - 21 (32.8 %), мекенди коргоо - 20 (31.2 %), жон эле аскеркер кызматчысы болгум келет - 23 (35.9 %)




4.Суроо: АЧД сабаганан сага эмнелер жагат эмнелер жакпайт? Баары жагат -4(6,2%), автомат 14 (21.8 %), аскер формасы - 23 ( 35.9%), граната - 14 (21.8 %), саптык даядык - 2 (3.1 %), противогаз - 4 (6.2 %),




Анкетадан келип чыккан маалыматтын негизинде, кыскача жыйынтык жасасак: Жаштардын арасында аскер –патриоттук иштер ото эле жай жүрүп жатат, жок деп айтыш да кыйын (64 студенттен 18(28.1 %) студент аскер кызматчысы болгусу келбейт, демек, аскер кызматынын популярдуулугу элдин оозеки чыгармачылыгы, эпостордон, ата-бабаларыбыздын корсоткон эрдиктеринен жаштардын арасында жоготпой келет, АЧД мугалими мектепте тушундуруу иштерин жургузгондө мынча студент болмок эмес). Тилекке каршы, жаштар арасында АЧД мугалимдери – аскердик тарбияны оз денгеелинде жеткире албай жатат. Аскердик тарбияны жакшылап жеткиргенде, студенттердин – 80% аскердик тарбия,аскердик иш дегенге туура жообун беришмек(биздин анкетада -туура жооп бергендер – 8(12.5 %)).

Жаштардын аскер кызматын эмнелер кызыктыраарын 3- суроодо корсотулгондой: мекенди коргоочулар - 20 (31.2 %)болуп турганы, жаштар арасында аскер иштеринин, аскер кружокторунун жокко эсе экенин корсотту.

Ал эми: АЧД сабаганан созсуз турдө бир нерсеси жаштарга жакпай турганы (баары жагат деп -4 (6,2%) студент жооп берген) – аскерге чейинки даярдоо сабагынын конул кош отулуп жатканын айтып турат.

«Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө», 2009-жылдын 9-февралы № 43,11-статьясыда коргозгондой мыйзамында: жаштарды аскерге патриоттулукка тарбиялоо жеке эле АЧД мугалмдин иши эмес- жергиликтуу башкаруу органдардын милдети. Ал эми, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-февралындагы№ 87 токтому менен "Орто жалпы билим берүү программаларын, башталгыч жана орто кесиптик билим берүүчү кесиптик окутуу программаларын ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо жөнүндө жободо" корсотулгондой: Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо 10-11-класстарда жана билим берүүчү уюмдарда окутуунун биринчи жана экинчи курстарында жаштарда мекенчилдик сезимди, жогорку моралдык-психологиялык сапаттарды, аскердик кызматты сүйүүнү. Ага карабастан аскердик тарбиялоонун – мектеп окуучуларына заманбап жалпы милдеттери жана маселелери заманбап чечилбей келет. Ал, "Дене-тарбия жана спорт жарчысынын" №3, 2018 –жылы жарыя болгон Акматов Н.дин "Мектептердеги АЧД мугалимдеринин кесиптик иш билгилик абалы" макаласында көрсөтүлгөндөй: Ал акыбал АЧД сабагынын мугалимдерге айлык-маянанын аздыгы, коп региондордо АЧД сабагы "саатчы"(часовик) болуп отуусу жана мамлекетибиздин жаштардын аскер-патриоттулук маданиятына конул кош карагандык-болуп чыкты. [8, 9]

Бүгүнкү жаңы тарбия методикасында бул анохронизм. Бүгүнкү тарбия ишинде маселеге чыгармачылык мамиле, тарбиялануучуну тарбиянын субъектиси катары саноо жана партнердук кызматташуу аркылуу анын инсанын өнүктүрүү идеясын биринчи планга коюу баарынан маанилүү. Жогоруда аталгандарды иш жузуно аткаруу учун аскердик тарбиянын, педагогиканын салымы чон. [10,11]

**ТЫЯНАК**

Мектеп окуучуларга – аскердик тарбиялык иштерди жүргүзүүнү заманбап жалпы милдеттерин жана маселелерин аныктоодо бизге жана анализ жасоо жаштардын арасында аскер –патриоттук иштер ото эле жай жүрүп жатат, жок деп айтыш да кыйын (64 студенттен 18) студент аскер кызматчысы болгусу келбейт, демек, аскер кызматынын популярдуулугу элдин оозеки чыгармачылыгы, эпостордон, ата- бабаларыбыздын корсоткон эрдиктеринен жаштардын арасында жоготпой келет, АЧД мугалими мектепте тушундуруу иштерин жургузгондө мынча студент болмок эмес).

Тилекке каршы, жаштар арасында АЧД мугалимдери – аскердик тарбияны оз денгеелинде жеткире албай жатат. Аскердик тарбияны жакшылап жеткиргенде, студенттердин – 80% аскердик тарбия,аскердик иш дегенге туура жообун беришмек(биздин анкетада -туура жооп бергендер – 8(12.5 %)). Кыргыз Республикасына, мамлекетине өз мекенин, Ата Мекенин, анын эгемендүүлүгүн, көз карандысыздыгын, өз алдынча мамлекеттүүлүгүн, эл-журтунун ички ынтымак-биримдигин эң жогорку дөөлөт (высшая ценность) деп эсептеген, муну менен сыймыктанган, өз эне тилин сүйгөн, калкынын рух нарктарына, моралдык кенчтерине, түптүү адат-салттарына аң-сезими жана жан дүйнөсү терең сугарылган, элинин тарыхын мыкты билип, ата-бабаларынын азаттык үчүн, бактылуу турмушүчүн болгон каарман күрөшүн ичинен өрнөк туткан, өз мамлекетинин символдоруна: Гимнге, Желекке, Гербге урматтап мамиле жасаган, ошону менен бирге коомдун баалуулуктарын жана идеалдарын урматтаган, достуктун жана улут аралык ынтымактын туусун бийик кармаган, көп маданияттуу чөйрөдө жашоого жөндөмдүү(поликультурность), сабырдуу, толеранттуу, ар намысы бийик, эмгекчил, чынчыл, элин-жерин жанындай сүйгөн мекенчил атуул, таяна турган тоо болуп бере алат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө», 2009-жылдын 9-февралы № 43,

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-февралындагы № 87 токтому менен: Орто жалпы билим берүү программаларын, башталгыч жана орто кесиптик билим берүүчү кесиптик окутуу программаларын ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо жөнүндө ЖОБОСУ

3. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. – Бишкек: Педагогика, 2001. – 44 б.

23. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. Биринчи бөлүк. – Бишкек, 1996. -69 б.

4. Акматалиев А. Каада-салт: адамдык оң – терс сапат. – Бишкек: Бийиктик, 2002. – 400 – 25 б. Айтымбетова Д. Жаштарды тарбиялоодогу ыйман-ынсап маселелери. //Билим жана тарбия. -2006, 1 (7). – 61-63 бб.

5. Б. Апыш. Д. Бабаев, Т. Жоробеков."Педагогика" – Бишкек – 2002

6. "Манас" энциклопедиясы/Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. – Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, – 1995. 1-т. – 440 б.

И.П. Подласый, Педагогика, 28-б

7. А.В. Барабанщиков, К. Бублин, военная педагогика и психология, – Воениздат. – 1989г. – С.340
8. Акматов Н.А., "Мектептердеги АЧД мугалимдеринин кесиптик иш билгилик абалы". Вестник КГАФКиС – 2018, – №3, – С.15
9.Макаренко А.С. Избранные педагогические сочинения в двух томах. – М., Педагогика, – 1977. – С.274
10.Акматов Н.А., Ниясалиев А., Физическое воспитание и его психологические воздействия на воина при выполнения боевых задач. Вестник КГАФКиС – 2017, – №3, – С.15
11. Алимбеков А. Кыргыз элинде тарбия салты кандай эле? //Эл агартуу. – 1998, № 5-6. – 46-52 бб.

**Рецензент: доцент Джамангулов К.**